**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. АЙЫЛ ЧАРБА: АГРОНОМИЯ, ВЕТЕРИНАРИЯ ЖАНА ЗООТЕХНИЯ**

*ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО: АГРОНОМИЯ, ВЕТЕРИНАРИЯ И ЗООТЕХНИЯ*

*JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. AGRICULTURE: AGRONOMY, VETERINARY AND ZOOTECHNICS*

**e-ISSN: 1694-8696**
№1(6)/2024, 150-156

***ЗООТЕХНИЯ***

**УДК: 636:338.439.5**
**DOI:** 10.52754/16948696_2024_1(6)_21

# КЫРГЫЗСТАНДА МАЛ ЧАРБАСЫНЫН АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН ЖАКШЫРТУУДАГЫ ОРДУ

# РОЛЬ ЖИВОТНОВОДСТВА В УЛУЧШЕНИИ ПРОДОВОЛЬСТВЕННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ КЫРГЫЗСТАНА

# THE ROLE OF LIVESTOCK IN IMPROVING FOOD SECURITY IN KYRGYZSTAN

**Обдунов Элмурат Абдывапович**
*Обдунов Элмурат Абдывапович*
*Obdunov Elmurat Abdyvapovich*

**г.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.г.н., доцент, Ошский государственный университет*
*candidate of geographical sciences, associate professor, Osh state university*
eobdunov@oshsu.kg

---

**Абдурасулов Абдугани Холмурзаевич**
*Абдурасулов Абдугани Холмурзаевич*
*Abdurasulov Abdugani Kholmurzaevich*

**а.ч.и.д., профессор, Ош мамлекеттик университети**
*д.с.х.н., профессор, Ошский государственный университет*
*doctor of agricultural sciences, professor, Osh state university*
aabdurasulov@oshsu.kg
ORCID: 0000-0003-3714-610

# КЫРГЫЗСТАНДА МАЛ ЧАРБАСЫНЫН АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН ЖАКШЫРТУУДАГЫ ОРДУ

**Аннотация**

Макалада азыркы мезгилдеги глобалдык көйгөйлөрдүн бири жана Кыргызстан үчүн да актуалдуу болгон азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда мал чарбачылыгынын орду берилген. Изилдөөдө азык-түлүк коопсуздугун жана аны өлкөнүн мамлекеттик саясатынын маанилүү компоненти катары камсыз кылуунун маанилүүлүгүн мүнөздөйт. Малдын санынын жана мал чарба өндүрүшүнүн өзгөрүшүнө талдоо жүргүзүлөт. Ошондой эле эгемендүүлүк жылдарында бул тармактын түзүмү жана калктын жан башына тамак-аш өндүрүшүнүн динамикасы талдоого алынган. Жогорку сапаттагы мал чарба продуктыларын өндүрүү боюнча корутундулар көрсөтүлдү, азык-түлүк менен камсыз кылуунун артыкчылыктуу багыттары белгиленди.

***Ключевые слова:*** улуттук коопсуздук, азык-түлүк коопсуздугу, азык-түлүк, мал чарбасы, асыл тукум иштери, кунардуулук.

***Роль животноводства в улучшении продовольственной безопасности кыргызстана***

**Аннотация**

В статье представлена роль животноводства в обеспечении продовольственной безопасности, которая является одной из глобальных проблем современности и актуальна также для Кыргызстана. В исследовании описывается безопасность пищевых продуктов и важность ее обеспечения как важной составляющей государственной политики страны. Проведен анализ изменения поголовья скота и продукции животноводства. Также в годы суверинизации была проанализирована структура этой отрасли и динамика производства продуктов питания на душу населения. Были представлены выводы по производству высококачественной продукции животноводства, отмечены приоритетные направления продовольственного обеспечения.

***Ачкыч сөздөр:*** национальная безопасность, продовольственная безопасность, продовольствие, животноводство, племенное разведение, рождаемость.

***The role of livestock in improving food security in kyrgyzstan***

**Abstract**

The article presents the role of animal husbandry in ensuring food security, which is one of the global problems of the present time and is also relevant for Kyrgyzstan. The study describes food safety and the importance of ensuring it as an important component of the country's state policy. An analysis of changes in the number of livestock and livestock production is carried out. Also, in the years of independence, the structure of this industry and the dynamics of food production per capita were analyzed. Conclusions on the production of high-quality livestock products were presented, priority areas of food supply were noted.

***Keywords:*** national security, food security, food, animal husbandry, breeding, fertility.

**Киришүү.** Дүйнө жүзүндө калктын тез арада өсүшү алардын тамак-ашка болгон муктаждыгынын өсүшүнө алып келди. Ушуга байланыштуу айыл чарбасын өнүгүшүн тездетүү жана кайра куруу зарылчылыгы келип чыгууда, анткени азык-түлүк коопсуздугу ар бир өлкөнүн, анын ичинде Кыргызстандын да улуттук коопсуздугунун эң башкы маселеси катары каралат [1-3].

Калкты тамак-аштын бардык түрлөрү менен жетиштүү камсыз кылуунун социалдык гана эмес, ошондой эле коомдук-саясий да мааниси өтө жогору. Азык-түлүк коопсуздугу өлкөнүн саясий жана экономикалык көз карандысыздыгынын бекем негизи болуп кызмат кылат. Мал чарба азык-түлүктөрүн кеңири өндүрүү жана көп керектөө коомдук туруктуулукту камсыз кылуу менен бирге, коомдун бир калыпта жана ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт [4-6].

Азык-түлүк коопсуздугу бул сергек жашоо образынын маанилүү шарты катары калкты сапаттуу, жетиштүү тамак-аш азыктары менен камсыз кылууну билдирет. Бул терминди БУУнун Башкы Ассамблеясында биринчи жолу 1974-жылы колдонулган. Бирок азык-түлүк коопсуздугу боюнча биринчи дүйнөлүк саммит 1996-жылы өткөн.

2008-жылы Римде өткөн Азык-түлүк коопсуздугу боюнча саммитте 181 өлкөнүн өкүлдөрү, анын ичинде 43 мамлекеттин жана өкмөт башчыларынын катышуусунда дүйнөлүк климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу азык-түлүккө болгон баанын кескин кымбатташы жана биоэнергияны өнүктүрүү маселеси талкууланган. Ар бир мамлекет өз жарандарынын ден соолугу үчүн алардын тамак-ашка жетүү укугун камсыз кылууга жана ачарчылыктан сактанууга милдеттүү экени белгиленди [6-11].

**Изилдөөнүн материалдары жана методикалар.** Бүткүл Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (ФАО) эксперттеринин айтымыга караганда, ар бир адам күнүгө 2400–2500 ккал тамак-аш керектөөсү зарыл. Эгерде бул көрсөткүч 1800 ккалны түзсө тамак-аш жетишсиз, ал эми 1000 ккал же андан да азыраак болгондо - ачкачылык катары кабыл алынат.

Малдын башынын акыркы жылдары өсүп жаткан саны интернет булактарынын статистикалык маалыматтарынан алынып салыштырмалуу анализ жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Азык-түлүк менен камсыз кылуу проблемасын чечүү айыл чарбасынын, айрыкча мал чарбасынын тармактарын комплекстүү өнүктүрүүг, эт жана сүт азыктарында белоктордун, майлардын, углеводдордун жана башка аш болумдуу заттардын көп болушуна түздөн-түз көз каранды болот.

Жарандардын бакубаттуулугун жогорулатууга багытталган Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы өлкөнү өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиялык максаттарына негизделип, Туруктуу өнүктүрүү максаттарынын (ТӨМ) «эч кимди артта калтырбоо» деген фундаменталдык милдеттенмесине басым жасоо Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын алкагында иштелип чыккан [11].

Глобалдык жакырчылыктын деңгээли 2000-жылдан бери эки эсеге кыскарганына карабастан, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө ар бир онунчу адам күнүнө 1,90 АКШ доллары болгон эл аралык жакырчылыктын чегинен төмөн жашайт жана миллиондогон адамдар бул суммадан бир аз жогору киреше табышат. Жакырчылык – бул жөн гана кирешенин жана

туруктуу жашоону камсыз кылуу үчүн ресурстардын жетишсиздиги эмес. Ал начар тамактануу, билимге жана башка негизги социалдык кызматтарга жетүүнүн чектелүүлүгү, ошондой эле көздөгөн максатына жетпеген, чечимдерди кабыл алуу процессине катыша албоо сыяктуу көрүнүштөрдөн көрүнүп турат.

Азык-түлүк проблемасын чечүүдө жекече көмөкчү чарбаларды өнүктүрүү, товардык чарбаларда асыл-тукум иштерин уюштуруу эт өндүрүүгө зор жардам берип жатат [12-14].

Өлкөдө жакырчылыкты болтурбоо көз карашынан алганда мал чарбачылыгын өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Кыргызстанда калктын азык-түлүккө болгон муктаждыктарын канааттандыруу жана азык-түлүк коопсуздугу менен түздөн-түз байланышкан тармактарды өнүктүрүү боюнча ири мамлекеттик программалар ишке ашырылууда. Анын ичинде “2020-2030-жылдары Кыргыз Республикасында жакырчылыктын алдын алуу жана туруктуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программа”, “2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасында мал чарбачылыгын туруктуу өнүктүрүү” мамлекеттик программасы жана башкалар.

Төмөнкү таблицада айыл чарба малдарынын ичинен негизги тармак катары ири мүйүздүү малдардын башы келтирилди.

Ири мүйүздүү малдардын башы (жылдын аягына, башы)

| | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 1 627 296 | 1 680 750 | 1 715 776 | 1 750 467 | 1 783 469 |
| Баткен областы | 149 012 | 151 419 | 153 360 | 154 006 | 144 851 |
| Жалал-Абад областы | 329 623 | 342 403 | 351 223 | 361 533 | 371 686 |
| Ыссык-Көл областы | 237 564 | 248 783 | 255 740 | 260 399 | 272 647 |
| Нарын областы | 174 650 | 182 239 | 187 249 | 199 772 | 207 043 |
| Ош областы | 366 327 | 374 659 | 383 180 | 389 304 | 397 288 |
| Талас областы | 67 596 | 68 678 | 66 928 | 68 274 | 69 101 |
| Чуй областы | 289 952 | 299 951 | 305 861 | 309 353 | 314 181 |
| Бишкек ш. | 589 | 550 | 537 | 526 | 383 |
| Ош ш. | 11 362 | 11 402 | 11 189 | 6 744 | 5 691 |
| Өзгөчө учет | 621 | 666 | 509 | 556 | 598 |

Таблицада берилгендей, малды жана үй канаттууларын кайра саноонун жыйынтыгы боюнча 2022-жылдын аягына карата бодо малдын саны 1783,0 миң башты түздү же 1,9%га өстү. Бодо малдын эң көп үлүшү Ош (жалпы малдын 22,3%), Жалал-Абад (20,8%), Чүй (17,6%) жана Ысык-Көл (15,3%) облустарынын чарбаларында багылат. Бодо малдын жалпы санынын 3,3%ын топоздор түзөт, алардын саны жыл ичинде 1,1 миң башка же 1,9% көбөйүп, 2022-жылдын акырына карата 58,3 миң башты түздү.

Республикада кой-эчкилердин саны 77,1 миң башка же 1,2% азайып, 6200,9 миң башка түздү. Кой-эчкилердин эң көп үлүшү Жалал-Абад (жалпы малдын 22,2%), Нарын (18,2%), Ош (18,1%) жана Ысык-Көл (14,8%) облустарынын чарбаларында багылат.

2022-жылдын аягында 2021-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу жылкынын саны республика боюнча 13,2 миң башка же 2,4% азайып, 533,9 миң башка түздү. Жылкылардын эң көп үлүшү Нарын (26,7%), Ош (18,5%), Ысык-Көл (17,7%), Жалал-Абад (16,2%) жана Чүй (14,2%) облустарынын чарбаларында багылат.

Республика боюнча канаттуулардын саны жалпысынан 443,9 миң башка же 7,5% көбөйүп, 6368,7 миң башты түздү. Чүй облусунун чарбаларында канаттуулардын санынын олуттуу өсүшү (20,2%) белгиленген [13].

Акыркы жылы Кыргыз Республикасында малдын башы өстү. Мындай маалымат Кыргызстандын Улуттук статистикалык комитетинин сайтында жазылган.

Башкармалык 2023-жылдын аягында жана 2022-жылдын аягында малдын санынын айырмасын так көрсөткөн документти берген.

Жаныбарлар жана пайыздар: Жылкылардын саны – 542,5 миң баш, бул 2022-жылга салыштырмалуу 1,6%га көп; Бодо мал – 1 млн 802,3 миң, бул 2022-жылга салыштырмалуу 1,1%га көп; Кой-эчки – 6 млн 216,2 миң, бул 2022-жылга салыштырмалуу 0,2%га көп; Чочко – 29,7 миң, бул 2022-жылга салыштырмалуу 15,7%га көп .

Мал чарбасын туруктуу өнүктүрүү Мамлекеттик программасынын алкагында аткарылуучу негизги иш-чаралар каралган:

• Фермерлерди асыл тукум иштерин жүргүзүү эсептерди, асыл тукум карточкаларын толтуруу, кунардуулугун эсепке алууну, айыл чарба жаныбарларын тоюттандырууну жана бирдиктүү автоматташтырылган системаны киргизүүгө үйрөтүү;

• асыл тукум мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө ар тараптуу колдоо көрсөтүү;

• Мал чарбачылыгына заманбап санариптик технологияларды киргизүү;

• Ар бир айыл аймакта жасалма уруктандырууну уюштуруу жана уруктандыруу боюнча техниктердин арасында жыл сайын рейтинг өткөрүү;

• Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан асыл тукум букаларды алардын тукумунун сапатына баа берүүнүн жана букалардын өздүк продуктуулугун текшерүүнүн эрежелери жөнүндө жобону иштеп чыгуу;

• Малдын тукумун аныктоо жана продуктуулугун эрте болжолдоо үчүн геномдук диагностика үчүн молекулярдык-генетикалык лабораторияларды түзүү;

• Республикада тукумду кайра каттоону калыбына келтирүү;

• Региондордо асыл тукум малдардын көргөзмөлөрүн үзгүлтүксүз уюштуруу.

Жайыт жерлеринин деградациясынын деңгээли курч кооптонууну жаратат. Ашыкча жана жөнгө салынбаган жайыт кыртыштын эрозиясына алып келет жана айыл чарба жаныбарларынын өнүгүшүнө жана продуктуулугуна таасирин тийгизет.

**Корутунду.** Кыргызстанда базар экономикасынын шарттарында турмушка ийгиликтүү ашырылган чаралардын натыйжасында акыркы жылдары малдын саны, ошондой эле мал чарбасынын кунардуулугу да жогорулады. Акыркы жылдарда мал чарбасы менен алектенген фермерлерге мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан камкордук жана көңүл буруу, ошондой эле мамлекеттик инвестициялык программага ылайык чарбаларды кеңейтүү жана бул тармактарды өнүктүрүүгө финансылык каражаттардын бөлүнүшү мал чарбасында продукциясынын өсүшүн стимулдаштырууда.

Азык-түлүк коопсуздугунун артыкчылыктарын аныктоо, мал чарба продуктыларын сапаттуу өндүрүүнү стимулдаштыруу жана республикада таза асыл тукум малдын санын көбөйтүү боюнча төмөнкү чараларды ишке ашырууну максатка ылайыктуу деп эсептейбиз.

– фермердик – дыйканчылык чарбаларда ишмердүүлүктү орнотууну камсыз кылуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

– Туруктуу өнүгүүгө жетишүү үчүн жооптуу экономикалык, социалдык жана экологиялык процесстерди жөнгө салуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү.

– Эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен тамак-аш азыктарынын коопсуздугун жана сапатын контролдоочу системаны түзүү.

– Мал чарбасында селекциялык, технологиялык жана асыл тукум иштерине көңүл буруу.

**Адабияттар**

1. Джаныбеков А.С., Муратова Р.Т., Абдурасулов А.Х., Кубатбеков Т.С., Эффективность производства говядины при использовании импортных пород и местных ресурсов скота Кыргызстана, Известия Оренбургского государственного аграрного университета. 2021. № 4 (90). С. 240-244.

2. Джафарова Ф.М. Роль животноводства в обеспечении продовольственной безопасности Азербайджанской Республики, Приволжский научный вестник, 2015, С. 36-41.

3. https://kabar.kg/news/v-tekushchem-godu-v-kyrgyzstane-proizvedeno-bol-she-miasa-iaitc-i-moloka.

4. https://ecfs.msu.ru/news/eksport-i-import-produkczii-zhivotnovodstva-kr

5. Джаныбеков А.С., Абдурасулов А.Х., Характеристика спермапродукции у быков-производителей абердин-ангусской породы, Вестник Ошского государственного университета. Сельское хозяйство: агрономия, ветеринария и зоотехния. 2023. № 4 (5). С. 152-157.

6. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/pdf/summit2009_declaration.pdf

7. Джафарова Ф.М., Роль животноводства в обеспечении продовольственной безопасности Азербайджанской Республики, Приволжский научный вестник, 2015.

8. https://www.stat.kg/media/publicationarchive/

9. Кадралиева Т.Б., Косилов В.И., Амиршоев Ф.С., Иргашев Т.А., Абдурасулов А.Х., Безопасность молока чистопородных и помесных коров-первотелок при производстве творога, В сборнике: Национальные приоритеты развития агропромышленного комплекса. Материалы национальной научно-практической конференции с международным участием. 2023. С. 407-409.

10. https://cbd.minjust.gov.kg/act/refs/ru-ru/430700/10

11. https://agro.gov.kg/ru/9207/

12. Обдунов Э.А., Некоторые аспекты продовольственной безопасности в кыргызской республике, Проблемы современной экономики. 2010. № 2 (34). С. 296-297.

13. Обдунов Э.А., Рынок продовольствия республики Кыргызстан, АПК: экономика, управление. 2009. № 12. С. 64-66.

14. Обдунов Э., Роль рационального питания в развитии человека, Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2009. № 6. С. 85-88.